УДК.37.022.
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.27**

*Келдибек кызы Айназик,*
*ОшМУ, магистрант*
*Алиева Каныштай Уларовна,*
*ОшМУ, доцент*

# СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Аннотация.*** *Кыргызстандын мектептеринин окуучуларынын социалдык маселелерин чечүү көп жылдык тажрыйбаларга таянат. Адатта балдарга байланышкан маселени буга чейин класс жетекчи чечип, социалдык педагогдун, социалдык кызматкерлердин функциялары анчалык зарыл болгон эмес. Бирок, ар кандай ички жана сырткы саясий экономикалык кырдаал баланы башкарууда класс жетекчинин жетишпей жаткандыгына маани берип, учурда жалпы билим берүүчү орто мектептерде жаңы атайын мектептик кызмат түзүлдү. Ал социалдык педагогдун кызматы. Социалдык педагог - бул адистик, мектептеги түрдүү адистиктеги мугалимдердин ишмердүүлүгүнө методикалык сунуш берет. Мындан башка окуучулар менен жекече социалдык- педагогикалык иштерди, түрдүү топтогу мектеп окуучулары, алардын ата-энелери , мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып барат.*

***Түйүндүү сөздөр*:** *социалдык педагог, укук, милдет, жоопкерчилик, коом,социалдык проблемалар, камкордук, педагогикалык кеңеш.*

# ОСОБЕННОСТИ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СОЦИАЛЬНОГО ПЕДАГОГА

***Аннотация.*** *Решение социальных проблем учащихся школ Кыргызстана основано на многолетнем опыте. Обычно проблему, связанную с детьми, решал классный руководитель, а функции социального педагога и социальных работников были не столь необходимы. Однако различные внутренние и внешние политические и экономические ситуации придали большое значение отсутствию классного руководителя по управлению детьми, и в настоящее время в общеобразовательных средних школах создана новая специальная школьная служба. Он социальный педагог. Социальный педагог специальность, обеспечивающая методическое обеспечение деятельности учителей различных специальностей в школе. Кроме того, он проводит индивидуальную социально-педагогическую работу со студентами, в тесном контакте с разными группами школьников, их родителями и учителями.*

***Ключевые слова:*** *социальный педагог, право, обязанность, ответственность, общество, социальные проблемы, забота, педагогический совет.*

# FEATURES OF THE PEDAGOGICAL ACTIVITY OF A SOCIAL PEDAGOGUE

***Annotation.*** *Solving the social problems of students of Kyrgyzstan's schools is based on many years of experience. Usually, the problem related to children was solved by the class teacher, and the functions of the social teacher and social workers were not so necessary. However, various internal and external political and economic situations have given importance to the lack of a class teacher in the management of children, and now a new special school service has been created in general education secondary schools. He is a social educator. Social pedagogue is a specialty that provides methodical suggestions for the activities of teachers of various specialties at school. In addition, he conducts individual socio-pedagogical work with students, in close contact with different groups of schoolchildren, their parents, and teachers.*

***Key words:*** *social pedagogue, right, duty, responsibility, society, social problems, care, pedagogical advice.*

Бүгүнкү күндө адам баласын күнүгө ар түрдүү социалдык-экономикалык кырдаалдар, өлкөбүздөгү билим берүүдөгү жаңы түшүнүктөр, турмуштук ар түрдүү багыттар коштоп келүүдө. Ошондой жаңы керектөөлөрдүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №58 токтому менен жалпы жана орто мектептерде социалдык педагогдун кызматтык милдеттемесине квалификациялык талап бекитилип, учурда мектептерде социалдык педагогдор иштеп жатышат. Социалдык педагогикалык кызматтын ишке киргизилгенине бир канча жыл болсо да, учурда бир топ кыйынчылыктар кездешүүдө. Ал кыйынчылыктар балким социалдык педагогдун өзүнүн укук-милдеттерин толук билбегендиктендир же болбосо социалдык таалим-тарбиянын проблемаларын ачык аныктай албагандыктандыр же болбосо социалдык - педагогикалык иш чараларды уюштуруудан кыйналып жаткандыктандыр. Максатыбыз макаланын алкагында жогоруда биз белгилеп кеткен маселелерди чечүүгө методикалык жардам колун суналы деп чечтик.

Социалдык педагогдун милдеттерине баланын жана үй-бүлөнүн жашоо шарттарын, баланын инсандыгынын өзгөчөлүгүн изилдөө, балага социалдык укуктук жардам берүү, колдоо көрсөтүү, балдардын эс алуусун уюштурууга көмөк көрсөтүү, ата-энелерди, коомчулукту жана адистерди баланын көйгөйлөрүн чечүүгө тартуу кирет. Социалдык педагог чөйрө жана бала, мугалимдер жана бала, ата-энелер жана балдар ортосунда данакер болот. Кандай гана болбосун баланын кызыкчылыктарын коргойт да, баланын кызыкчылыктары боюнча иштерди жүргүзөт [1].

Кыргызстандын мектептеринин окуучуларынын социалдык маселелерин чечүү көп жылдык тажрыйбаларга таянат. Адатта балдарга байланышкан маселени буга чейин класс жетекчи чечип, социалдык педагогдун, социалдык кызматкерлердин функциялары анчалык зарыл болгон эмес. Бирок, ар кандай ички жана сырткы саясий экономикалык кырдаал баланы башкарууда класс жетекчинин жетишпей жаткандыгына маани берип, учурда жалпы билим берүүчү орто мектептерде жаңы атайын мектептик кызмат түзүлдү. Ал социалдык педагогдун кызматы. Жалпы билим берүүчү мектептердеги социалдык педагог эмне милдеттерди аткарат?

Социалдык (латын тилинен socialis – коомдук) –коом, турмуш, адамдар маселесинин байланышы. Ошондуктан социалдык кызмат адамдарды социалдаштыруу маселелерин чечүүгө багыттоо, анын тарбиясы, анын укугун коргоого негизделет.

*Социалдык педагог* - бул адистик, мектептеги түрдүү адистиктеги мугалимдердин ишмердүүлүгүнө методикалык сунуш берет. Мындан башка окуучулар менен жекече социалдык- педагогикалык иштерди, түрдүү топтогу мектеп окуучулары, алардын ата-энелери , мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып барат [2].

Социалдык педагог жардам бере алат:

1. Мугалимдерге: окуучулар менен жекече иштөөнүн. Аны окутуу жана тарбиялоонун методдорун иштеп чыгат, класс менен социалдык-педагогикалык багытта иштөөнү уюштурат, ата-энелер менен өз ара байланышта болуунун, аларга жекече жардам берүүнүн методдорун иштеп чыгат, мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы жанжалды чечүүгө жардам берет, окуучулар жана алардын ата-энелери, мугалим жана класс ж.б.у.с.
2. Окуучуга кеңеш (консультация): өз алдынча иш алып баруу, класс, мугалимдер, ата-энелер менен болгон жаңжалдарды кантип чечүүгө болот;
3. Ата-энелерге консультация, кеңеш, методикалык жардам: баласы менен мамиле түзүүсүн тартипке келтирүү, баланын мугалимдер менен байланышын күчөтүү;

*Социалдык педагог* - окуудан сырткаркы иштерди уюштуруучу, социалдык педагог-педагог-психолог, социалдык педагог-социолог, социалдык педагог-социалдык кызматкер, социалдык педагог - усулчу.

*Социалдык педагогдук ишмердүүлүк* – бул социалдык иш, педагогикалык ишмердүүлүк, балага багытталган жардам көрсөтүүнү уюштуруучу, өзүнүн психологиялык абалын үй-бүлөгө, мектепке, коомчулукка билдире алат.

Социалдык тарбия деген түшүнүк XIX - кылымдын орто ченинде немец педагогу Адольф Дистерверг тарабынан сунуш кылынган, бирок XX -кылымда гана активдүү пайдаланыла баштады. Ошол эле мезгилде немец педагогу Пауль Наторп социалдык тарбияны калктын жалпы маданий деңгээлин жогорулатуу максатында жүргүзүлгөн коомдук билим берүү жана таалим-тарбия иштеринин биригиши деп түшүндүрөт [3].

Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү боюнча нускама Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2010-жылдын 27-июнундагы №452/1 буйругу менен бекитилген социалдык педагогго коюлуучу квалификациялык талаптардын негизинде иштелип чыккан. Социалдык педагог социалдык коргоо, тарбия билим берүү жана окуучулардын инсанын өстүрүү боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашыруучу мектеп кызматкери болуп саналат. Социалдык педагогдун ишмердик обьектиси жүрүм-турумунда өксүгү бар жана турмуштагы кыйын кырдаалга туш келген балдар болуп саналат.

Социалдык педагогдук кызматка мектеп жетекчисинин сунушу менен райондук, шаардык билим берүү мекемесинин башчысынын буйругу менен дайындалат жана бошотулат; Социалдык педагог тийиштүү кесиптик даярдыгы бар кишилерден дайындалат.

*Социалдык педагог өз ишинде буларды билүүгө жана жетекчиликке алууга, колдонууга тийиш:*

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүүнү башкаруу органдарынын чечимдерин;
- Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенцияны;
- Уставды жана ички тартип эрежелерин;
- Мектеп директорунун буйруктарын жана мектепке тиешелүү актыларды;
- Жалпы жана социалдык педагогиканы;
- Педагогикалык, социалдык курактык жана балдар психологиясын билүү;
- Валеологиянын жана социалдык гигиенанын негиздерин;
- Социалдык-педагогикалык жана педагогикалык диагноздоо усулдарын;
- Кесиптик жана практикалык ишмердик маселелери боюнча ченемдик-усулдук документтерди;
- Эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы жана өртко каршы коргонуу эрежелерин жана ченемдерин;

Социалдык педагог түздөн-түз мектеп директоруна баш иет. Социалдык педагогго окуучуларды социалдык коргоо маселелери боюнча класс жетекчилер түздөн-түз кайрылышат.

*Социалдык педагогдун функционалдык милдеттери томонкүлор:*

1. Социалдык коргоо, тарбия. билим берүү жана баланы мектепке жана жашаган жеринде өстүрүү боюнча комплекстуу иш-чараларды аткаруу;
2. Окуучулардын инсандык психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын микрочөйрөсүн, жашоо шартын иликтөө;
3. Окуучулардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын, кыйынчылыктарын жана койгойлорун,чыр-чатак кырдаалдарын, кылык-жоругундагы ээнбаштыгын аныктоо жана өз убагында социалдык көмөк көрсөтүү;
4. Социалдык коргоо органдары менен башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарын кызматташтыгын жүргүзүү;
5. Окуучуларды (тарбиялануучуларды) социалдык жактан колдоо жана коргоо иш-чараларын ишке ашыруу жана бул процессти көзөмөлдөө [4].

*Социалдык педагог төмөнкү милдеттерди аткарат:*

1. Окуучулар (тарбиялануучулар) менен мектептин, үй-бүлөнүн, чөйрөнүн, түрдүү социалдык кызматтардын адистеринин, ведомстволордун жана адиминистративдик органдардын ортосунда арачылык кылат;

2. Социалдык-педагогикалык иштердин милдеттерин, формаларын, усулдарын жана социалдык жана жеке маселелерди чечүү жолдорун аныктайт, социалдык коргоо, социалдык колдоо, окуучулардын(тарбиялануучулардын) инсандык эркиндигин жана укуктарын ишке ашыруу боюнча чараларды көрөт, жаштар менен балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт, мектепте, ар түрдүү инстанцияларда алардын окулуктары катары иш жүргүзүлүп бул максатта башка кесиптеги адистерди да тартат;

3. Окуучулардын ( тарбиялануучулардын) жана чоңдордун түрдүү социалдык-баалуу ишмердиктерин, социалдык демилгелерди өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды уюштурат, социалдык долбоорлор менен программаларды иштеп чыгууга, аткарууга катышат;

4. Жаштардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумундагы коомго жат фактыларды (кылмыштуулук, уку бузуу, аракечтик, таксикоманиялык менен баңгилик ж.б. алдын алуу иштери) өз убагында аныктап, алдын алуу иштерин жүргүзөт, дени сак жашоо таризин уюштуруу маселелери менен алектенип, акыл-эс жана дене бой жагынан жетилишинде өксүгү бар жаштар жана балдарды түзөтүүчү-калыбына келтирүүчү иштерди уюштуруп жүзөгө ашырат;

5. *Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга өбөлгө түзөт:*

- Окуучулардын укутарын жана эркиндигин ишке ашыруу, саламаттыкты жана өмүрдү коргоону камсыз кылуучу бейпил жана жагымдуу шарт түзүү;
- Социалдык чөйрөдө адамгерчиликтүү, толук ыймандуу мамилелерди түзүү, ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту балдар маселелерин чечүүгө тартуу;
- Педагогикалык багыттагы чөйрөнү түзүү;

6. Социалдык кооптуу үй-бүлөөлөрдү аныктайт, алардын балдарга тийгизген терс таасирин төмөндөтүүгө көмөктөшөт, инсандын өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жардам берет, үй-бүлөөдө баланы эртелеп жетилтүүгө жана тарбиялоого колдоо көрсөтөт;

7. *Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга:*

- Окуучулар (тарбиялануучулар үчүн психологиялык жайлуу жана коопсуз жагдай түзүү, алардын өмүрүн ден соолугун коргоону камсыздоо;
- Ата-энелер мене балдардын мамилелерин жакшыртуу, бейжай үй-бүлөөлөрдө жашаган балдардын мамилелешүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү;
- Баланын жана жаш адамдын жакынкы чөйрөсүндө ( окуу тарбия уюмдарында, үй-бүлөөдө, жашаган жеринде, жаштардын жана балдардын уюмдарында, бирикмелеринде ж.б.у.с.) инсан катары калыптанышына көмөктөшөт;
- Балдардын жана жаштардын жалпы адамзаттык баалуулуктарды, жүрүм турумдун коомдо жөнгө салынуучу ченемдерин жана эрежелерин өздөштүрүп, өнүктүрүшү, өзүн-өзү тарбиялоо жана көзөмөлдөө жагынан ички дилгирлигин ойготуу;

8. *Төмөнкү иштерди жүргүзөт:*

- Камкорчулук;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен жумушка орноштуруу;
- Баланын турак жайга болгон укукгун сактоо;

9. Коомго аралашуу жагынан кыйынчылыкка кабылган, кам көрүүгө муктаж, оор абалга түшүп калган балдар менен жаштарды таап чыгат жана эсепке алат, аларга социалдык-педагогикалык жардам жана колдоо көрсөтүү боюнча алгылыктуу чараларды көрөт;

10. *Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга көмөктөшөт:*

- Балдары класстан жана мектептен тышкаркы иштерге, балдар жана жаштар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташууга тартуу аркылуу алардын бош убакыттарын уюштуруу;
- Ата-энелердин педагогикалык маданияттарын жогорулатуу, алардын өз милдеттерине жоопкерчиликтүү, аң сезимдүү мамилесин калыптандыруу,о.э. ата-энелери менен болгон мамилесинде кыйынчылыктарга туш келген балдарга жардам берүү;
- Багып кароочусунан айрылган балдарды жөлөкпул, пенция менен камсыздоо;
- Жетим жана ата-эненин багуусунан калган окуучу (тарбиялануучу) балдардын сактык салымдарын, баалуу кагаздарын тариздөө;

11. Балдардын иштери боюнча комиссиянын, жашы жете электер арасындагы кароосуздуктун жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча кенештин ишине катышат;

12. Балдардын, өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын иликтөөгө байланышкан маалыматтарды чогултат, мамлекеттик уюмдарга жашы жете электердин жекече маселелерин чечүү жана алар үчүн шарт түзүү маселеси боюнча расмий суроо-талап жасайт;

13.Зарыл болгондо балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрүн, паспортторун) калыбына келтирүүгө жардамдашат;

14. Балдарга, ата-энелерге жана мектеп педагогдоруна кеп-кеңеш, социалдык педагогикалык жардам берет;

15. Балдардын жана жаштардын укуктарын, ден соолугун жана өмүрүн коргоо, өз убагында социалдык- педагогикалык жардам берүү максатында билим берүүчү уюмдар, жашы жетелектер инспекциясы, психологиялык жардам, социалдык коргоо кызматтар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жалпыга маалымдоо каражаттары менен иштиктүү мамиле түзөт;

16. Мектептин педагогикалык кеңешинин ишине катышат;

17. Мектепте, тиричиликте, коомдук жайларда жүрүм-турумдун адептик ченемдерин сактайт.

*Социалдык педагогдун төмөндөгүдөй укуктары бар:*

1. Мектеп Уставында аныкталган тартипте мектепти башкарууга катышуу;
2. Кесиптик абийирин жана кадыр баркын коргоо;
3. Өзүнүн ишине берилген бааны камтыган даттануулар жана башка документтер менен таанышуу, алар боюнча түшүндүрмөлөр берүү;
4. Тартипке салуучу же кызматтык териштирүү кесиптик адеп ченемдерин бузуу менен жүргүзүлгөн учурда өз кызыкчылыктарын өзү же өкүлү ( мунун ичинен-адвокат)аркылуу коргоо;
5. Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, тартипке салуучу же кызматтык териштирүүнү купуя жүргүзүлүшүн талап кылуу;
6. Социалдык-педагогикалык иштин усулдарын жана методикасын өз ыктыяры менен тандооо жана колдонуу;
7. Кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

*Социалдык педагогдун жоопкерчилиги:*

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте социалдык педагог төмөнкүлөр үчүн жооптуу:

- Социалдык-педагогикалык иш-чаралар убагында окуучулардын (тарбиялануучулардын) өмүрү жана ден соолугу үчүн о.э.укуктары менен эркиндиктеринин бузулгандыгы үчүн;
- Мектеп Уставын жана ички тартип эрежелерин, мектеп директорунун мыйзамдуу буйруктарын же башка ички ченемдик актыларды, ушул Нускамада белгиленген кызмат милдеттерин жүйөөлүү себептерсиз аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн эмгек мыйзамдарында аныкталган тартипте жоопкерчиликтүү.
- Окуучунун ( тарбиялануучунун) инсанына күч колдонгондугу же психологиялык кысым көрсөткөндүгү, о.э. башка бей адеп жоруктарды жасагандыгы үчүн Кыргыз

Республикасынын эмгек мыйзамдарында жана “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында аныкталган тартипте кызматынан бошотууга чейинки чаралар көрүлүшү мүмкүн.

*Социалдык педагог:*

1. 40 сааттык жумуш жумасына ылайык түзүлгөн жана мектеп директорунун бекиткен график боюнча иштейт;

2. Өз ишин ар окуу жылына жана ар окуу чейрегине пландайт. Планды мектеп директору бекитет;

3. Ар бир окуу чейреги аяктагандан кийин 10 күндүн ичинде өзүнүн ишмердиги жөнүндөгү отчетту мектеп директоруна жазуу түрүндө тапшырат;

4. Мектеп администрациясынан укуктук-ченемдик жана уюштуруу-усулдук мүнөздөгү маалыматтарды алып, тийиштүү документтерге кол коюп таанышат;

5. Өзүнүн компетенттүүлүгүнө тиешелүү маселелер боюнча мектептин администрациясы, педагогикалык жана медициналык кызматкерлери, окуучулардын (тарбиялануучулардын) ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен о.э камкорчулук жана социалдык коргоо органдары менен дайыма маалымат алмашып турат [5].

Ошону менен катар жалпы орто билим берүүчү мектептерде ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан социалдык педагогдор эске алуучу дагы бир маселе - бул коомдогу учурда кездешүүчү социалдык таалим-тарбиянын проблемалары, алар төмөнкүлөр:

- Мектеп жашындагы балдардын мектепти таштап кетүүсү же мектепке кирбей калышы;
- Окууга тартылбай калган көчө балдарынын санынын көбөйүшү;
- Жакырчылыктын күчөшүнүн натыйжасында балдардын ден соолугунун, алардын жалпы активдүүлүгүнүн жана билим сапатынын төмөндөшү;
- Мугалимдик кесиптин социалдык статусунун төмөндөшү жана анын натыйжасында билим сферасына жалпы билим даярдыгы төмөн жаштардын келиши;
- Билим тармагына каралган өкмөттүк каражаттын төмөндүгү жана анын натыйжасында жалпы билим тармагынын материалдык базасынын жакырланышы жана алардын билим сапатына тийгизген терс таасирлери;
- Жаштар арасындагы жалпы билимдин, өзгөчө техникалык билимге болгон кызыкчылыктын төмөндөшү;
- Үй - бүлөлөрдөгү, ата-энелер арасындагы ажырашуулардын көбөйүшү жана үй-бүлө тарбиясындагы проблемалардын күчөшү;
- Жалпы адамдар, өзгөчө жаштар арасындагы келечекке болгон ишенимдин төмөндөшү жана анын натыйжасында билимге болгон кызыкчылыктын солгундашы;
- Социалдык теңсиздиктин артышы жана алардын адамдардын психологиясына тийгизген терс таасирлеринин күчөшү;
- Адамдар арасындагы эгоисттик маанайдын күчөшү жана анын натыйжасында кылмыштуулуктун күчөшү ж.б. Аталган проблемалардын дээрлик бардыгы өлкөнүн социалдык-экономикалык деңгээли жана социалдык сферадагы саясатка байланыштуу маселелер болуп эсептелет, андыктан, алар жалпы экономикалык абалдын жогорулашы менен бирдикте чечилери шексиз.

Жогоруда аталган иш-чаралар жана андан башкалары да калктын социалдык талаптарын канааттандыруу максатында жүргүзүлгөн азыркы күндөгү мектеп шартында ишке аша турган кызматтарга кирет. Жогорудагы социалдык таалим-тарбиянын проблемалары орто мектептерде ар түрдүү багыттагы иш чараларды уюштуруу аркылуу чечүүгө боло тургандыгын эске алуу керек. Ал социалдык-педагогикалык иш-чаралар төмөнкүлөр:

- Ата- энелердин педагогикалык жактан билим деңгээлин жогорулатуу иштерин уюштуруу;
- Мектепке чейин жаш курактагы балдарды мектепке даярдоо;

- Коомчулук жана мектепке жакын жайгашкан калк үчүн педагогикалык жана психологиялык көмөк-кеңеш иштерин уюштуруу жана жүргүзүү;
- Маданий жана агартуучулук иш-чаралардын чордону болуу;
- Коомдук ишмердүүлүктө ар кандай багыттагы уюштурулган акцияларга катышуу;
- Социалдык жана маданий тармактарда, калктын билим-илим жана маданиятка болгон муктаждыктарын канааттандырууга жардам берүү ж.б. [6].

**Корутунду**

Демек, жогорудагы социалдык проблемаларды эске алуу менен укук-милдеттерди туура аткаруу менен гана социалдык педагог педагогикалык ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүүгө боло тургандыгын белгилөөгө аракет жасадык. Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө көпчүлүк ата-энелер уул-кыздарды туура тарбиялоону билишпейт, балдары менен үй тапшырмаларын аткарууга да убактылары жок, эң негизгиси ата-энелердин балдар алдында кадыр-баркы ар түрдүү деңгээлдерде болгонунда. Педагогикалык ишмердүүлүктө колдоно турган усулдарды социалдык педагог өзүнчө топторго бөлүп алуусу зарыл, мисалы, изилдөө методдору, тарбиялоо методдору жана социалдык-психологиялык жардам берүү методдору деп, анткени туура тандалган усулдар иштин ийгилигин белгилейт. Социалдык педагог биздин оюбузча мына ушуларга көңүл буруусу абзел.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Мектеп-школа, 2010, -№3, 24-25-б.
2. Акматов К.К. “Социалдык педагогдун китеби”,- Бишкек,2018
3. Гришинова О.С. Справочник социального педагога. – Волгоград, 2010
4. “ КР Билим берүү жөнүндө” мыйзамы – Бишкек, 1992-ж.
5. Баланын укуктары жөнүндө Конвенция (БУУ, НьЮ-Йорк,1991)
6. “ КР Билим берүү жөнүндө” мыйзамы – Бишкек, 1992-ж.